
# Табышмактуу жана сейрек жай

Оштогу табышмактуу жана уникалдуу болгон Сулайман тоосундагы үңкүр комплекси 1978-жылы пайдаланууга берилген. Бул тоодогу үңкүр комплекси 13 үңкүрчөлөрдөн турат. Алар карстык түрдө бири-бирине туташтырылган. Бул сейрек көрүнүштөгү үңкүр комплекс музейи учурда Бишкек шаарында иштеп жаткан таланттуу адис, архитектор Кубанычбек Назаровдун долбоору менен ишке ашкан.



Оштун 3000 жылдык юбилейине байланыштуу бул комплекс чоң өзгөрүүлөргө ээ болду. Анда Республикабыздын Улуттук Илимдер Академиясынын Түштүк Кыргызстандагы археологиялык экспозициясынын жетекчиси Б.Э.Аманбаеванын көзөмөлдөөсү менен көп иштер аткарылды, көптөгөн жаңы экспозициялар коюлду. Анда Түштүк Кыргызстандагы, ал эмес Орто Азиядагы ата-бабаларыбыздын илгертеден бери сакталып калган ар кандай диний ишенимдери, үрп-адат, салттары, жашоо турмуштары кызыктуу чагылдырылган.

Бул жерде 13 экспозиция залы бар. Айталы, зороастризм залы, ислам залы, ата-бабалар арбагына сыйынуучу залы, Рушан (фарс




тилинде кызыл деген мааниде) залы жана башка өз тематикасы боюнча ырааттуу жайгаштырылган залдар бар. Ал эми жаратылыш бөлүмүндө чоң кыргыз үйү коюлуп, ал элибиздин тарыхы, жашоо тиричилигинен кеңири кабар берет.

Үңкүр комплексине бардык мезгилде келип, анын бай экспонаттары менен таанышууга болот. Ал күн сайын эртең мененки 9дан кечки 6га чейин иштейт. Температурасы 14-15 градус жылуулукта өзгөрүүсүз сакталып турат.

Бардык мезгилдерде мында музейде көрүүчүлөрдүн аягы үзүлбөйт. Үстүбүздөгү жылдын I - кварталында бул жерде 378 адам болду. Ага коншу Республикалардан сырткары да Түркия, Иран, Пакистан, Кытай сыяктуу өлкөлөрдөн көп меймандар келишип, суктануу менен көрүштү.

Үңкүр комплексинде көрүүчүлөргө керектүү шарттар түзүлгөн. Экскурсоводдор музей боюнча маалыматтарды беришет. Эс алуу



*Асаф Ибн Бурхия мавзолейи*

үчүн отургучтар коюлган, киоска, чай, суусундуктарды сатуучу жай иштейт. Эстеликке сүрөткө түшүүгө болот. Мында ошондой эле олтуруп тамактанууга, чай ичүүгө чайкана бар, кары адамдарга намаз окууга ыңгайлуу жай салынып берилди.

***Лилия ТЕН,***

***Сулайман тоодогу үңкүр комплексинин бөлүм башчысы***